**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А.АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591.**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:**101.1.:316.32 (575.2) (043.3)

**КАЧКЫНОВА АИДА ТУРДУБЕКОВНА**

# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ КОНФЛИКТТЕРДИН ФИЛОСОФИЯСЫ: СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

09.00.11 – социалдык философия

философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2020**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Ибраев Кубаныч Шаршекеевич**
философия илимдеринин кандидаты,
Кыргызстан Эл аралык университетинин философия кафедрасынын доценти

**Расмий оппоненттери:** **Сариева Калбүбү Сариевна**
философия илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун А.Нарынбаев атындагы философия жана илим методологиясы бөлүмүнүн башчысы

**Мааткеримов Бакыт Асранбекович**
философия илимдеринин кандидаты, билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун окуу иштери боюнча проректору

***Жетектөөчү мекеме:*** И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасы, Дареги: 720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., И.Ахунбаев көч. 92-а.

Диссертациялык иш 2020-жылдын 25-декабрында саат 13.00 дө. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.19.591. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.), К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек шаары Тынчтык пр. 27) жана диссертациялык кенештин сайтынан таанышууга болот www.fil.kg. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2020-жылдын 25-ноябрында таркатылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты,**
**ага илимий кызматкер** **Ж.К.Асанов**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Илимий иликтөөгө алынып жаткан маселенин актуалдуулугу көптөгөн объективдүү жана субъективдүү себептер менен шартталат: алардын эң орчундууларынын бири катары, азыркы учурдагы коомчулукта болуп жаткан жогорку деңгээлдеги конфликттүү коомдук процесстерди айтууга болот. Өзгөчө дүйнөлүк масштабда жүрүп жаткан ааламдашуунун таасиринин негизинде коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн болуп көрбөгөндөй динамикалуу өзгөрүүлөрү изилдөөнүн өзөгүн түзөт. Бул өзгөрүштөр социалдык конфликттердин пайда болуусунун же болбосо жаңы курч мүнөзгө өтүүсүнүн негизги себеби болуп саналып, таасирин тийгизбей койбойт.

Мына ушуга байланыштуу социалдык келишпестиктердин маңызын, функцияларын теоретикалык ошондой эле, практикалык жактан изилдөө азыркы замандын талабы. Социалдык чыр-чатактар коомдук мамилелердин, институттардын түзүлүшүнүн фундаменталдык элементтери жана ошону менен бирге өнүгүүнүн бардык формаларынын негизги фактору болуп саналат.

Ошол себептен, бул маселе гуманитардык жана табият таануу илимдеринин изилдөө объектисине айланды десек жанылышпайбыз, бирок, бүгүнкү күнү бул көйгөйдүн социалдык-философиянын контекстинде толук кандуу изилденбей жаткандыгы, көңүл сыртында калуусу тандалып алынган теманын актуалдуулугун айгинелеп турат.

Бүтүндөй адамзаттын жашоосун өз кучагына алган ааламдашуу процесси дүйнөдөгү миңдеген элдердин жашоо образдарынын, шарттарынын өзгөрүшүнө, миграциялык кыймылдардын күчөшүнө, маданияттын, диндин татаалдашуусуна, ошол эле учурда терс мaанайдагы улутчулдуктун өсүшүнө, этностор аралык мамилелердин татаалданышына, экологиялык кризистин терендешине, кылмыштуулуктун жайылуусуна, террорчулук көрүнүштөрдүн таралуусуна жана башка ушул сыяктуу көптөгөн глобалдуу мүнөздөгү кубулуштардын күчөшүнө, коомдук чыңалуунун жана социалдык конфликттердин буга чейинки белгисиз формаларынын пайда болушуна алып келди.

Кичинекей аймак же аймак болобу, мамлекет болобу ички жана тышкы конфликттердин кесепетинен кризиске туш болоору баарыбызга маалым, мындай абал Кыргызстан коомчулугун да айланып өткөн жок. Биздин өлкө да өз алдынчалыкты алгандан тартып, коомдогу, жашоо-турмушундагы карым-катнаштарынын социалдык мейкиндиктик жана коммуникациялык жактан кеңейүүсүнө алып келди, ошол эле учурда мурда билип көрбөгөн социалдык конфликттердин жаңы түрлөрүнө дуушар болду.

Ошол социалдык конфликттердин маңызын, функцияларын түшүнүүдөгү, келип чыгуу себептерин, чечүү же жөнгө салуу жолдорун аныктоодогу ар тараптуу, кеңири масштабдагы социалдык-философиялык анализ жүргүзүүнүн жыйынтыгы бир гана конфликтологиялык изилдөөлөргө салымын кошпостон, коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн өнүгүү

механизмин жана социалдык болмуштун өзгөчөлүгүн терең илимий негизде андап билүүгө ыңгайлуу шарт түзөт деген ойдобуз.

Ошондуктан, коомдо адамзат жашоосун дайыма коштоп жүргөн оң маанайдагы процесстерден башка аларга коркунуч туудуруучу көрүнүштөр да бар экендигин эстен чыгарбоо зарыл, алардын ичинен социалдык мүнөздөгү конфликттер эң орчундуу болуп саналат, булар туурасындагы билимдер, топтолгон маалыматтар өзгөчө социалдык - философиянын алкагында чечмелениши бүгүнкү күндүн зарылдыгы.

Дагы бир баса белгилеп кете турган нерсе, каралып жаткан көйгөй Кыргызстандын азыркысы жана келечеги үчүн өтө маанилүү экендигине карабастан, бул өңүттөгү атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлбөй, маселе тиешелүү илимий денгээлде изилденбей жана практикалык маанидеги тыянактар чыгарылбай келет. Ошентип, жогоруда айтылгандардын бардыгы каралып жаткан маселени иликтөөгө багытталган жаңы илимий изилдөөлөрдүн жоктугун тастыктады, о.э. аталган иштин актуалдуулугун далилдеп турат.

XX кылымдын 50-60-жылдарында пайда болгон илимий багыттын системдүү иштешине көмөк көрсөткөн жаңы социалдык конфликттик теория иштелип чыккан. Аталган теорияны калыптандыруунун теоретикалык жана методологиялык маселелерине төмөнкү окумуштуулар чоң салымдарын кошушкан: Л.Козер (2000), Р.Дарендорф (1994), К.Боулдинг (1969, 2002) ж.б.

Коомдук конфликттердин ар кандай аспектилерин, аларды жөнгө салуу, чечүү жолдорун изилдөөдө Х.Бродаль, В.Зигерт, Ш.Фейер, Р.Фишер, С.Хантингтон, У.Юри ж.б. илимпоздордун кошкон салымдары эбегейсиз зор мааниге ээ. Коомдук конфликттер боюнча методологиялык изилдөөлөрдү А.Г.Здравомыслов (1994), А.В.Дмитриев (2002, 2003), ж.б. өз эмгектеринде жүргүзүшкөн.

Ошондой эле, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып эле кыргыз коомчулугунда социалдык мүнөздөгү чыр-чатактар тынымсыз кайталанып жаткандыгы баарыбызга белгилүү, ошол себептен каралып жаткан маселе ар бир илимий чөйрөнүн изилдөө объектисине айланды.

Конфликтүү окуяларга байланышкан изилдөөлөр аз санда болсо да, ата мекендик кээ бир окумуштуулардын эмгектеринде акыркы учурда бул феномен ырааттуу түрдө илимий анализге алынып, методологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп келүүсү байкалууда.

Мисалга алсак, А.Б.Элебаева (1991), РД.Стамова (2017), О.А.Тогусаков (2005), А.К.Джусупбеков (1991), К.М. Акулов (2002), М.З.Ташиева (2013), К.Ч.Султанбеков (2006), М.Ж.Мырзакматов (2012), М.Кошоева (2002), Ж.Ж.Жоробеков (2009), А.Т.Балтабаева (2012), М.Т.Артыкбаев (2006), А.Ш.Аземкулова (2013) ж.б. окумуштуулардын илимий эмгектери изилдөөчүгө негиз болуп, бир топ жеңилдиктерди жаратты.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий мекемелер өткөргөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы** Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев

атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** ааламдашуу процессиндеги конфликтердин философиясын изилдөө, алардын ушул айтылган дүйнөлүк масштабдагы кубулуштун шартындагы Кыргызстан коомчулугундагы өзгөчөлүгүн: келип чыгуу себептерин жана булактарын, түрлөрүн жана формаларын, конфликттик карама-каршылыктарды алып жүрүүчү субъекттерди, ошондой эле туруксуз болуп турган коомдогу чыр-чатактуу маселелерди чечүүнүн жана жөнгө салуунун жолдорун аныктоо.

Жогорудагы белгиленген максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечүү зарыл:

1.социалдык конфликттерге тарыхый философиялык талдоо жүргүзүү;

2.социалдык чыр-чатактардын генезиси менен философиялык манызын ачып берүү;

3.ааламдашуу процессинин мейкиндигинде жүрүп жаткан конфликт кубулушунун коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирин көрсөтүү;

4.кыргызстандагы социалдык келишпестиктердин келип чыгуу себептерин ачып берүү;

5.азыркы учурдагы Кыргызстан коомчулугундагы социалдык конфликттерди оң жакка коомдун пайдасына чечүүнүн, аларды болтурбоону алдын-алуунун жана жөнгө салуунун жолдорун илимий негизде аныктоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иште ааламдашуу шарттарындагы конфликттердин философиясына байланыштуу көйгөйлөр алгач илимий проблема катары изилдөөгө коюлуп, социалдык-философиялык материалдардын негизинде жыйынтыкталып анализге алынды. Берилген ойдун алкагында бир катар теоретикалык сунуштар негиздүү деп табылып, алар коргоого коюлуп жаткан диссертациянын илимий жаңылыгы боло алат.

-Ааламдашуу шартындагы конфликттерге тарыхый философиялык талдоо жүргүзүлдү;

-Социалдык чыр-чатактардын келип чыгышы менен философиялык өзгөчөлүктөрү ачылып берилди;

- Ааламдашуу процессинин мейкиндигинде жүрүп жаткан конфликт кубулушунун коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирин көрсөтүлдү;

-Кыргызстандагы социалдык чыр-чатактардын пайда болуу себептери ачыкталды;

-Азыркы учурдагы Кыргызстан коомчулугундагы социалдык келишпестиктерди чечүүнүн, алдын-алуунун жана жөнгө салуунун жолдору аныкталды

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациянын натыйжалары Кыргызстанда эле эмес, чет мамлекеттердеги да конфликт философиясы боюнча илимий-изилдөөчүлүк иштерде пайдаланылышы мүмкүн.

Автордун жоболору менен корутундулары жана изилдөөнүн материалдары социалдык философия, социология, саясат таануу,

конфликтология курстары боюнча окуу процессинде жана гуманитардык факультеттерде лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Коргоого сунушталуучудиссертациянын негизги жоболору:**

1.Теоретикалык жана методологиялык изилдөөлөрдөгү илимий булактардын жыйынтыктарын талдоо көрсөткөндөй, социалдык карама-каршылыктардын коомдогу орду, ролу тууралуу кайчы пикирлер үстөмдүк кылгандыктан, чыр-чатактардын оң жана терс жактарын ачуу, эң негизгиси «конфликт» түшүнүгүн илимий талдап-таануу азыркы учурдун актуалдуу да, өзөктүү да маселелеринин катарына кирет. Окумуштуулардын айрымдары тарабынан социалдык конфликттер коомдук өнүгүү процессинин ички булагы катары кабыл алынаары маалым болду. Мындай көз-караштар жөн жерден пайда боло калган жок, алар, философия илиминдеги карама-каршылыктардын күрөшү же болбосо диалектикасы жөнүндөгү теориялык окууга негизделген. Бул илимий ой-пикирди таануу конфликтти коомдун өнүгүүсүнүн, деги эле жалпы прогресстин кыймылдаткыч күчү катары кабыл алууну шарттайт. Конфликтти коомдогу процесстерден ажыратып кароого мүмкүн эмес, ал келишпестиктер коомдук жашоого тамырын терең жайган жана социалдык болмуштун маңыздуу бөлүгүн алып жүрүү менен бирге, адамдардын коомдогу ордун, ролун аныктайт.

2. Социалдык конфликттер коомдун өткөөл мезгилинде жаңы калыптанып жаткан экономикалык, социалдык, саясий, маданий мамилелердин ажырагыс бөлүгү болуп саналары жана коомдук өнүгүүдөгү социалдык чыр-чатактардын ролу аныкталды. Андан тышкары, конфликттерге болгон анализ - алар жергиликтүү маданияттын компоненттери болуп каралат, бирок ошондой эле денгээлде социалдык, экономикалык жана саясий процесстер менен да тыгыз байланган. Атүгүл, конфликттердин табияты да өзгөрүшү мүмкүн, себеби бул жөн эле жекече обочолонгон көмүскөдө болуучу кубулуш эмес. Ар бир конфликт өзүнүн таржымалына, өнүгүү динамикасына, ар кандай этаптарга, деңгээлдерге жана интенсивдүүлүк даражасына ээ экендиги белгиленди.

3. Өзгөчө ааламдашуунун таасиринин астында дүйнөлүк аренада, коомдун бардык чөйрөлөрү адамзат күтпөгөндөй динамикалуу мүнөздө өтө тездик менен өзгөрүп жаткандыгы изилдөөнүн негизи боло алат. Интенсивдүү түрдө жүрүп жаткан ааламдашуу процесси азыркы мезгилде дүйнөлүк масштабда болуучу социомаданий өзгөрүүлөргө алып келди: баалуулуктардын салттуу системасы аз-аздан жоюлуп, электрондук технологиялардын базасында бирдиктүү маалымат мейкиндиги түзүлүп, ал баалуулуктарга болгон мамилелер өзгөрүүдө. Бирок, биздин көз карашыбызда жогорудагыдай бирдиктүү маалымат базасы түзүлгөнүнө карабастан коомдогу саясий жана социалдык-экономикалык түзүлүштөрдүн өзгөрүшү батыш үлгүсү боюнча жүрбөйт. Анткен себеби, ааламдашуунун таасири жаңылоонун универсалдык чен-өлчөмдөрүн сактоодо улуттук өзгөчөлүктөр, баалуулуктар кандайдыр-бир денгээлде сакталып калары мыйзам ченемдүүлүк.

4. Кыргызстан коомчулугундагы коомдук ар кандай формадагы чыңалуулардын, конфликттердин бирден-бир себептери болуп: калктын

социалдык-экономикалык абалынын начарлашы, коомдук теңсиздиктин, адилетсиздиктин курчушу, жакырчылыктын, жумушсуздуктун динамикалык түрдө өсүү кесепетинен миграция маселесинин курч турушу, калктын маргиналдашуусу, бардык чөйрөдөгү криминалдуулуктун, коррупциянын күчөшү ж.б. у.с. факторлор эсептелинет.

5. Карама-каршылыктардын көп тармактуулугу коомдук чыр-чатактардын түрүнүн жана формаларынын мазмунун, мүнөзүн аныктайт. Өлкөдө коомдук чыналууларды, келишестиктерди өз убагында тынч чечүүнүн тажрыйбасы жок болсо, анда мындай көрүнүш өз кезегинде коомчулукту баш аламандыка алып келүүсү толук мүмкүн. Себеби, жогоруда биз сөз кылган ааламдашуу процесси бир жагынан мамлекеттерди, элдерди алардын маданиятын бири- бири менен тыгыз байланышта болуусуна пайдалуу шарт түзгөнүменен экинчи жагынан коомдо чыр-чатактардын буга чейин белгисиз болгон түрлөрү көбөйүүдө, аларды чечүү жолдорун же жөнгө салуунун ыкмаларын илимий философиялык негизде иштеп чыгуу замандын эң башкы талабы болууда деген көз карашты бекемдөөгө болот;

6. Конфликтти жөнгө салуу боюнча баштапкы иш-аракет, албетте, аны социалдык-саясий реалдуулук катары кабыл алуу, түшүнүү зарыл. Ар бир эле келишпестиктин пайда болуу мүмкүнчүлүгүн алдын алуу, ошол чыр-чатакка жетиштүү көңүл бурулуп, өз учурунда аны болтурбоого бардык колдон келген чараларды көрүү мындай оор кырдаалды татаалдандырбоого, тереңдетпөөгө алып келет. Конфликтке тез арада кийлигишүү, анын масштабынын тез арада кеңейип кетишинин кесепетинен пайда болгон жоготууларга, кыйроолорго жана аларды калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдарды, кескин азайтууга, коопсуздук маселелерин ырattуу чечүүгө ангайлуу шарт түзөт. Ошондуктан, бүгүнкү күн тартибиндеги эң башкы маселе – конфликттик кырдаалдарда коомду башкаруу боюнча натыйжалуу практикалык иш-аракеттердин илимге негизделген усулдук ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилденүүчүнүн жеке салымы ааламдашуу шартындагы конфликттердин философиясынын маңызын социалдык-философиялык өңүттө талдоо менен мүнөздөлөт.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги идеялары илимий докладдар, маалыматтар түрүндө төмөнкү илимий-теоретикалык жана илимий-практикалык конференцияларда берилген: КР УИАнын ФжСУИИнун Жарчысы. Илимий журнал. (3-чыг., Бишкек 2016, 70-74-б.); КР УИАнын ФжСУИИнун Жарчысы. Илимий журнал. Илимий журнал. (1-чыг., Бишкек, 2017, 104-107-б.); Международный журнал гуманитарных и естественных наук (№2. Новосибирск 2018, 141-145-б.); Международный журнал гуманитарных и естественных наук. (№2. Новосибирск, 2018, 145-151-б.); КРСУ Жарчысы (18-том, № 5. Бишкек, 2018), Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, (№3(95), Бишкек, 2018); Эл аралык Борбордук Азия симпозиуму "Миграция, жакырчылык жана иденттүүлүк" – Бишкек, 2018; Эл аралык илимий конференция "Толерантность – как инструмент развития мер взаимного доверия" –Ташкент, 2018; I Эл аралык Симпозиуму "Түрк Элдеринин

Философиялык Мурасы". Бишкек, 2018; V Эл аралык илимий-практикалык конференция «GLOBAL SCIENCE AND INNOVATIONS 2019: CENTRAL ASIA» Астана, 2019; Актуальные вопросы образования и науки. Илимий журнал (№2 (68) Архангельск, 2019, 109-111-б.); Актуальные вопросы образования и науки. Илимий журнал (№2 (68) Архангельск, 2019, 112-115-б.). Эл аралык деңгээлдеги илимий конференцияларда баяндама жасалып, жарыяланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмуну 8 илимий басылмаларында чагылдырылган. Алардын ичинен 4 макала рецензияланган кыргыз илимий журналдарында, 4 макала Кыргыз Республикасынын ЖАК бекиткен рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген чет өлкөлүк илимий басылмаларга жарыяланган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн жана эки баптан турат. Биринчи бапкта эки параграф, экинчи бапкта үч параграф жана корутунду, колдонулган адабияттардын тизмесинен түзүлгөн. Илимий изилдөөнүн жалпы көлөмү 150 беттен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**"Социалдык конфликттердин коомдогу орду жана методологиясы"** аттуу диссертациянын биринчи бапында социалдык конфликттерди изилдөөнүн ар кыл методологиялык маселелери анализге алынат.

Биринчи баптын **"Социалдык конфликттерге тарыхый философиялык анализ"** деп аталган биринчи параграфында биз алгач киришүү катары конфликт түшүнүгүнө кыскача аныктама берсек. Конфликт (латынчадан conflictus - кагылышуу) – карама-каршылыктарды билдирүүнүн бир түрү, өз ара карым-катнаштагы белгилүү бир кишинин карама-каршы тенденцияларынын, максаттарынын, ниеттеринин, ой пикирлеринин, баалуулуктарынын жана көз караштарынын кагылышуусу.

Акыркы жүз, өзгөчө он жылдыктагы конфликттердин динамикасы менен көп варианттуулугу социалдык мезгил, адамдардын жашоосунун тез өзгөрүүсү менен жогорулады десек болот. Адам менен коомдун күн санап өсүп жаткан социодинамикалык байланышы адамдардын турмуштук карым-катнаштарынын мейкиндиктик жана коммуникациялык жактан кенейүүсүнө алып келүүдө. Адам өзүнүн ишмердүүлүгүнүн, жекече инсандык баарлашуусунун ар тараптуу формаларынын негизинде ал көптөгөн социалдык топтор менен байланыш түзө алат. Аскер илимдеринин, искусство таануунун, тарыхтын, математиканын, саясат, укук таануунун, психологиянын, социобиологиянын, социологиянын, экономиканын алкагындагы жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр эрежеге ылайык, чачыранды-

прикладдык мүнөзгө ээ болушуп, конфликттердин табиятын эмес, алардын жеке көрүнүштөрүн изилдешкен [Растов Ю.Е., Трофимова Р.А. Конфликтология: Учебно-методическое пособие. – Барнаул, 1995. – 119 с.6.].

Жогоруда белгилеп кеткендей адамзат чөйрөсүндөгү конфликтин жаратылышын изилдөө бүгүнкү күндүн эле маселеси эместигин, ушул учурга чейин сакталып, окулуп келген философтордун эмгектеринен таасын (Гераклит, Сократ, Платон ж.б.) көрө алабыз. Бул каралып жаткан көйгөйдүн болмушун чечмелөөдө философиянын тарыхына көз чаптырсак улуу ойчулдардын ар бири бул суроону аттап өтпөгөндүгүн жана бул маселе байыртадан эле философиялык талдоого алынганын байкоого болот.

Эң алгачкы изилдөөлөрдү Байыркы Кытай, Индия, Греция жана Римдик философторунун эмгектеринде кездештирүүгө мүмкүн. Бирок, ал учурдагы ойчул-окумуштуулар «конфликт» терминин “карама-каршылык” же “күрөш” категориялары аркылуу түшүндүрүп келишкен.

А. Лоринин теориясы боюнча конфликт тарыхтагы бирден-бир негизги кыймылдаткыч катары кызмат кылат деген көз карашы менен биздин: иш жүзүндө конфликттер коомдогу бардык процесстерди уюштурууда жана анын туруктуулугуна карата негизги тоскоол болуп калышы ыктымал, ошол эле учурда конфликт социумдагы жашообуздун маанилүү бөлүгү болуп саналып, позитивдүү өзгөрүүлөргө карай алып баруучу жолдо таасирдүү жана конструктивдүү кыймылдаткыч күчкө айланышы ыктымал, о.э. конфликт – бул социалдык бүтүндүктү же анын бөлүктөрүнүн кээ бир түзүүчүлөрүн сактоого кызмат кылган бирден-бир башкы процесстерден. Конфликттерди изилдөө бүгүнкү биздин коомдогу пайда болуп жаткан ички жана тышкы коркунучтарга туруштук берүүгө жардам берет деген ойду бекемдөөнү туура деп чечтик.

Андан тышкары, конфликттерге жүргүзүлгөн анализ - алар жергиликтүү маданияттын бир бөлүгү болуп саналышат, бирок, масштабдуу социалдык, экономикалык жана саясий процесстерге көбүрөөк байланган. Атүгүл, конфликттердин табияты да өзгөрүүгө учурашы мүмкүн: бул жөн эле жекече обочолонгон окуя эмес. Ар бир чыр-чатак өзүнүн таржымалына, өнүгүү динамикасына, ар кандай этаптарга, деңгээлдерге жана интенсивдүүлүк даражасына ээ.

-каралып жаткан конфликт маселелесине көп түрдүү теоретикалык көз караштардын бар экендиги белгилүү болду, ага карабастан алардын бардыгын, коомдук конфликттердин негизги булагы болуп карама-каршылык түшүнүгү саналат деген жоболор бириктирип турат деген ой тастыкталды. Философия коомдук конфликт менен карама каршылыктын байланышын, аны коомго таандык, алар ар дайым социумдун өнүгүүсүнө кызмат кылат деген өңүттө карайт.

-социалдык конфликттерди классификациялоонун критерийлери көп болушу мүмкүн. Бул, биринчиден, карама-каршылыктын өтүү убактысы. Мындай көз караш менен алып караганда, бүтүн бир тарыхый доордун же анын айрым бир этаптарынын карама-каршы туруусу жөнүндө айтууга болот. Экинчиден – карама-каршылыктардын мүнөзү. Бул учурда

имманенттүү жана имманенттүүэмес карама-каршылыктар жөнүндө сөз кылуу орундуу. Үчүнчүдөн – карама- каршылыктардын мааниси жана ролу. Бул – негизги жана негизги эмес, башкы жана экинчи даражадагы карама-каршылыктар деп белгилөөгө мүмкүндүк түзөт. Төртүнчүдөн, социалдык карама – каршылыктарды классификациялоонун критерийи болуп, алардын пайда болгон чөйрөсү саналышы мүмкүн.

- карама-каршылык - диалектикалык логиканын негизги категориясы болуп эсептелинет жана универсалдуу мүнөзгө ээ. Карама-каршылыкты жана конфликти бирдей, айырмасыз түшүнүктөр деп кароого болбойт, ошондой эле аларды бири бирине каршы коюга да мүмкүн эмес. Карама-каршылык жана айырмачылык жетишсиз деңгээлдеги конфликтин пайда болуусуна түзүлгөн шарт. Карама – каршылык конфликти алып жүрүүчүлөрдүн (коомдук группалар жана башка күчтөр) өз ара мамилелеринин башталган учурунан тартып конфликттик деңгээлге өсө баштайт. Карама –каршылыктардын курч өнүгүшү конфликттик абалды жаратат.

-натыйжада, социалдык-философиялык позиция - коомдук конфликттерди коомдук карама-каршылыктардын өнүгүү стадиясы катары кабыл алат.

Биринчи баптын «**Конфликттердин генезиси жана философиялык өзгөчөлүктөрү** » аттуу экинчи параграфында конфликттердин генезиси жана философиялык өзгөчөлүктөрү каралат.

Социалдык конфликттерди изилдөө – азыркы учурда илимий чөйрөдө кызыгууну жаратып, өтө активдүү өнүгүүдө. Буга ааламдашуу шартындагы бир жагынан мамлекеттерди, элдерди алардын маданиятын бири- бири менен тыгыз байланышта кылып, жакындатканы менен экинчи жагынан коомдо конфликтин түрү көбөйүп, аларды чечүү жолдорун же жөнгө салуу ыкмаларын калыптандыруу замандын талабы болууда. Коомдук конфликттер – адамзат тарыхын дайыма коштоп жүргөн процесс. Биз биринчи параграфта белгилеп кеткендей, азыркы учурда коомдогу глобалдуу өзгөрүүлөр коомдук конфликттердин түрлөрүн жана формаларын көп түрдүү образга айландырды. Ошол себептен, бул маселени изилдөө азыркы учурда актуалдуулугун күчөтүп, атайын конфликтология илиминин пайда болуусуна түрткү болду.

Конфликттер жөнүндө илимде концептуалдуу жактан өзгөрүү талап кылынууда, бул зарылчылык конфликтин аянтынын кеңейүүсүнүн кесепетинен келип чыгууда, ошондой эле илимге жаны методологиялык жана теоретикалык концепцияларды иштеп чыгуу маселе кайдан пайда болду.

Жогорудагы берилген ойдун негизинде, бул параграфтын изилдөө милдети социалдык конфликттердин трансформацияланышына, алардын эволюциялык жолуна, генезисине философиялык талдоо жүргүзүү, аныктоо болуп саналат. Конфликттер жөнүндөгү илимдеги системалуу билимдердин калыптанышында бир нече маселе каралышы керек: коомдук өнүгүүнүн эволюциясы менен конфликти таануунун байланышында тарыхый тыянак

болуусу; методологиялык жана концептуалдык плюрализмдин жыйынтыгы. Ошондой эле, каралып жаткан теманын актуалдуулугу конфликтологиянын ар кандай критерийлердин негизинде тарыхый этап боюнча изилдөөчүлөрдүн концепцияларына анализ жүргүзүү автордун алдына коюлган милдетин толуктайт.

Алдыдагы карала турган концепциялардын негизин - социалдык конфликттердин изилденүүчү аянтынын өнүгүшүндөгү онтологиялык негизделиши, эмпирикалык жана теоретикалык багыттардын уюштурулушундагы тааным ишмердүүлүгүнүн кеңири колдонулушу түзөт.

Ааламдашуу мезгилинде өтө глобалдуу болуп жаткан интернет булактарынан алынган маалыматтардан айырмаланып, билим – онтологиялык жакка ылайыкталган конкреттүү структурага ээ болушу зарыл. «Азыркы учурда билимдин өндүрүүчүлүгү ар түрдүү негизделишке ээ болууда, бир эле билим чөйрөсүндө ар кандай билимдердин системасы болушу ыктымал. Күнүмдүк турмушубузда алып жаткан мааламаттардын бардыгы эле бизге билим боло бербейт. Маалыматтар билим болуш үчүн: биринчиден дөйнөнү сүрөттөөнүн жаңы ыкмасынын киргизилиши, экинчиден , кээ бир теоретикалык иерархияга системалаштырылышы, үчүнчүдөн, теориялык жактан байланышта болуп, текшерилиши жана практикалык ишмердүүлүкө айланып туруусу зарыл» [Дацюк С. А. Онтологизация. – Киев, 2009. – URL: http://www.uis.kiev.ua/xyz/ont/ont.htm].

Конфликтология өзүнүн алдына көптөгөн суроолорду коет, эң негизгилери: 1) конфликттер жок коомдо жашоо мүмкүнбү?
2) конфликттер коомдогу максатсыз инсандардын, группалардын жүрүм турумубу, коомдук жашоого терс таасирин тийгизген аномалиялык кубулушпу же коомдогу элдердин карым катнашындагы нормалдуу, зарыл формасыбы?

Бул суроолорго түшүндүрмө берүүдө конфликтология менен алек болгон көптөгөн илимий багыттардын (социология, политология, психология ж.б.) ар кандай түрдөгү жоопторун угууга болот, бирок белгилей кетчү нерсе, берилген маселе теоретикалык жактан, социалдык-философиялык деңгээлде терең иштелип чыгылуусу, комплекстүү түрдө философиялык ой толгоолордун негизинде анализ жүргүзүү зарыл. Конфликтин түрүн, маңызын, касиетин, деңгээлин, өнүгүүсүн, пайда болуу шартын аныктоодо, конфликттик кырдаалдан чыгуу жолдорун изилдөөдө философиялык-методологиялык багыты жок иш алып баруу кыйынга туулат.

Ошондой эле жогорудагы берилген суроого төмөнкү ой кошумча жооп болушу мүмкүн: коомдук абалда тарыхый эки моделдин болуусу: конфликттик жана тең салмактуулук. Социолог Э.Асп бул көз карашты мындай деп тастыктайт: «Социологияда коомдук абал боюнча ар түрдүү теориялар бар. Бирөөлөрү коомдун жана конфликттердин динамикалык мүнөзүн жана ушуга байланыштуу абалдарды белгилешсе, башкалары туруктуулукка жана тең салмактуулукка болгон аракетти баса белгилешет. Биринчи аныктама коомдук абалдын конфликттик моделин көрсөтсө,

экинчиси тең салмактуулук моделин аныктайт» [Асп Э. К.. Введение в социологию. – М.: Алетейя, 2000. – 256 с].

Бул маселе боюнча орус изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде да ар кандай ой-пикирлер айтылып келет, ал көз караштарга ылайык конфликттик жана тең салмактуулук моделдер социологияда өз ара карым-катнашта жана бири-бирине карама – каршы келген парадигмалар катары аныкталат. Себеби, орус окумуштууларынын пикиринде, тең салмактуулук парадигма, дүйнөлүк ирээттүүлүктү жана анын түзүлүш механизмин аныктайт, ал эми конфликттик парадигма чыр-чатактардын жаралуусунун, алмашуусунун булагы, о.э. дүйнөлүк өзгөрүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат [Конфликты в современной Росии. Под.ред. Е.И.Степанова М., 1999. с.32.].

Бирок, көпчүлүк окумуштуулар чыр-чатагы, карама-каршылыгы жок коом мүмкүн эмес деген көз караштын жакташат. Бул түшүнүк менен биз, конфликт - болмуштун ажырагыс бир бөлүгү, коомго өзгөрүүнү, өнүгүүнү алып келе турган кыймылдаткыч күч – деп байыркы дүйнөдөн эле айтылып, салтка айланган философиялык көз караштын бекемдесек болот. Андан тышкары бул конфликттик парадигмалардын терең изилдениши Г.Зиммель, Р.Дарендорф, Л.Козер, К.Боулдинг ж.б. изилдөөчүлөрүнөн көрүүгө болот.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе, илимде үчүнчү конфликттик парадигма «коомдук оору» деген аталыш менен белгилүү, бул түрү коомго коркунучтуу жана табигый эмес көрүнүш катары берилет. (Э.Дюркгейм, Т.Парсонс, Н.Смелзер). Т.Парсонстун айтуусу боюнча, конфликт коомдук процесстеги түзүлүштүк - функционалдык тең салмактуулукту бузат, ошондуктан аны жоюу зарыл.

Конфликттик парадигмалар анын жаратылышына, маңызына көңүл бурбастан чыр-чатактуу көрүнүштүн формасын, себебин изилдейт. «Карама-каршылык» термини аркылуу аныкталган чыр-чатак – бул конфликттик парадигма. Конфликт түшүнүгүндө колдонулуучу термин «муктаждык» – бул «конфликтологиялык парадигма» [Михайлов О.В. К вопросу о конфликтологической парадигме // Вестник Санкт-Петербургского университета. – СПб.: Издательство: Санкт-Петербургский государственный университет, 2009. – № 3. -С. 230-234.].

Карама-каршылык түшүнүгү - азыркы учурдагы конфликттик дүйнөнү аныктоого жана дүйнө көрүмдүк көз караш менен кароого, ошондой эле конфликтин коомдогу алган ордун тактоо ирээтинде көрсөтүлөт, деген ойду айтууга болот. Биринчиден, биздин коомдун өнүгүүсүндөгү тең салмактуу жана конфликтсиз моделдер экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки учурдагы, класстык күрөш теориясынын негизинде болгон десек болот.

Экинчиден, заманбап илимдер белгилегендей, дүйнө бардык учурда конфликттик абалды жаратып жана конфликттик кырдаалдар менен коштолуп келгендигин айтууга болот.

Е.В. Перов «конфликтин генезисин» төмөндөгүчө түшүндүрөт: «бул коомдук көрүнүш, өз кезегинде коомго кандайдыр бир коркунуч тууларын чагылдырат. Карама – каршылыктардын күчөп кеткен абалынын чеги, жашоодогу оор кырдаалды жаратып, белгиленген бир шартта конфликти пайда

кылат [Перов Е.В. Теория и анализ социальной конфликтогенности общества // Вопросы безопасности -М.: «НБ-Медиа», 2013. -№ 5. -С. 67-141.]. Ю.Г. Грязнованын берген аныктамасында конфликтин келип чыгышы – бул «эндогендик жана экзогендик факторлордун таасири алдында пайда болгон көз караштардын, кызыкчылыктардын, баалуулуктардын пикир келишпестиктердин кесепетинен эки жакты кагылышууга алып келген процесс [Грязнова Ю. Г. Конфликтогенность межпоколенного взаимодействия в культуре современного российского общества // Вестник АГУ (Серия 1: Регионоведение: философия, история, социология, юриспруденция, политология, культурология) -Майкоп: Издательство АГУ, 2011. -№2. -С.86 -92. -URL:].

Жогорудагы авторлордун көпчүлүгүнүн көз караштарына таянып, конфликти түшүнүүгө төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот бүгүнкү күндөгү коомдогу конфликтин жаңы формаларынын пайда болуусу жана өнүгүүсү, оор кырдаалдардын жаралуусу менен коомдогу потенциалдуу ирээттүү түзүлүштү бузуунун, алкагында пикир келишпестиктин, кызыкчылыктардын, баалуулуктардын төп келишпестигинен келип чыккан оор саясий-социалдык абал деп түшүнсөк болот.

Ошондой эле илимде чыр-чатакты табигый көрүнүш, коомдогу калыптанган норма деп белгилегени менен кээ бир учурда коомчулукта конфликтфобиясын да пайда кылган көрүнүштөрдү байкабай коюуга болбойт. Бул көпчүлүк учурда конфликттик кырдаалды тынчтык жолу менен чечүү мүмкүнчүлүгүн колдоно албастыктын натыйжасында пайда болгон көрүнүш деп айтсак жаңылышпайбыз.

Диссертациянын **«Ааламдашу шартындагы Кыргызстандагы конфликттердин чечилиши»** аттуу экинчи бапында Кыргызстандагы ааламдашуу шартындагы конфликттердин чечилишине анализ жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин обьектиси** болуп ааламдашуу шартындагы конфликттердин философиясын изилдөөнүн методологиялык маселелери эсептелет, ал эми **предмети** катары конфликттерге карата социалдык-философиялык анализ жүргүзүү.

Экинчи баптын «**Ааламдашуу процессинин конфликт кубулушунун коомго тийгизген таасири**” аттуу биринчи параграфында ааламдашуунун конфликт кубулушуна тийгизген таасири анализге алынат.

Ааламдашуу - дүйнөлүк өнүгүүнүн жаңы илимий парадигмасы. Ааламдашуу түшүнүгү планетасы бирдиктүү системасына киргизилген кайсы бир ишти талап кылат жана элдердин ортосундагы чек аралар бүдөмүк болуп саналат. Бул ааламдашуу жараяны көп жагынан ачылыштар мезгилинде башталган деп айтылып жүрөт. Атактуу экономист Кант бул ааламдашуу экенин айкын кылган. Анын ою боюнча, ар кандай саясий жана экономикалык жараяндарды көзөмөлдөйт дүйнөлүк өкмөт түзүү аркылуу туруктуу тынчтыктын алуу. Ааламдашуу - дүйнөнүн ири өлкөлөрү менен эл аралык өсүү карым-катнаштарынын, саясий өзгөрүүлөрүүнүн кандайдыр бир даражада болуусу, бул жараянды бүгүнкү коом жана дүйнөнүн модерндештирүүнүн кийинки этабы деп атоого болот.

Ааламдашуу – «кансыз согуштан» кийинки, улуттук экономикалардын дүйнөлүк өндүрүш менен жуурулушунан келип чыккан маалыматтык ачыктыкка, технологиялык жаңылануга, товарлардын жүгүртүлүү мейкинин кеңейишине, капиталдарды либералдаштырууга, илимий-техникалык революциянын жетишкендиктери менен жалпы адамзаттык билим арсеналына таянган бирдиктүү дүйнө системасын түзүү жөнүндөгү саясий түшүнүк. Ааламдашуу процесси мурдагы марксисттик таптык интернационалдашуудан айырмаланат. Эл аралык мамилелерде мамлекеттер бири-бири менен өз ара жалгыздап катнашуучу дипломатиялык каналдар мурдагыдай данакердик күчүн жоготуп бараткандыгы, ички жана тышкы экономиканын, саясаттын ортосундагы чектин улам барган сайын жоюлуп жатканы, бардык катышуучуларга тийиштүү бирдей эреже аракеттене баштаганы, экономикалык, саясий, маданий мамилелер бир кылка мейкинди көздөй «аалам айылына» (М. Маклуэн) чогуу бет алышы глобалдашуунун учурдагы тенденциясын сүрөттөйт.

90-ж. башында эле ааламдашуу маселе катары тематизациялана баштаган. 90-ж. соңунда болсо аталган тема социалдык илим менен коомдук талаш-тартышта бекем лидерликке өнөктөштүк кыла баштаган. Илимий конференциялар менен басылмалардын башында «ааламдашуу» бүгүнкү күнү кыйла салмактуулука ээ болду. Феномендин пайда болуусу менен актуалдуулугу туурасында эч нерсе мыкты маалымат бере албайт. Ошондой болсо да, ааламдашууга болгон көз караштар абдан айырмаланышат, ал эми ага болгон баа берүүлөр бири-бирин чыгарып салуучу мүнөзгө ээ: азыркы учурда ал жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып жүрөбү же тескерисинче, кооптуулукту жаратабы, ааламдашуу аны шарттай алабы жа каршы турабы деген жеке көз караш жок. Биримдик бир гана нерседе байкалат: ааламдашуу токтотулбайт.

Ааламдашуу маселеси боюнча бир катар авторлордун илимий эмгектерине болгон талдоо жүргүзүү дүйнөлүк илимий адабиятта көп деңгээлдүү, көп кырдуу, көп түрдүү жана тарыхый көптү убада берүүчү көрүнүш катары ааламдашуунун түрдүү аспектилери туурасындагы кыйла кеңири элестөө калыптанган. Ааламдашуу маселеси чет элдик изилдөөчүлөрдүн У.Бектин, С. Хантингтондун, Ф. Фукуяманын, А. Неклестин, П. Бергердин, Д. Беллдин, Э. Тоффлердин эмгектеринде каралган. Россиялык илимий адабиятта ааламдашуу идеологиясын В.И. Максименко, А.С. Панарин, В.Б. Вебер, М.Г. Делягин, А.В. Журавский, В.Н. Иванов, В.И. Ильин, М.А. Мунтян, А.В. Назарчук, А.Д. Урсул, М.А. Чешков, Ю.В. Яковец ж.б. изилдешкен. Ал эми ата-мекендик окумуштуулардын ичинен аталган маселе боюнча Р.Д.Стамова, А.Т.Балтабаева, А.Н.Смутко ж.б.у.с. изилдөлөрүн жүргүзүп келишет.

Биринчи жолу ааламдашуу туурасында америкалыктар айтып чыгышкандыгы маалым. Аталган термин Т.Левиттин 1983-жылы «Гарвард бизнес ревьюда» жарык көргөн макаласында чыккан. Ал аталган сөз менен ири көп улуттуу корпорациялар (МНК) менен өндүрүлгөн кээ бир продуктулардын базарынын кошулуу феноменин түшүндүргөн. Жаңы терминге кыйла кеңири маанини Гарварддык бизнес мектебинде беришип, терминдин башкы

популяризатору болуп аталган мектептин консультанты К.Омэ эсептелет, ал 1990-жылы «Мир без границ» аттуу китебин жарыка чыгарган [K. Ohmae. The Bordless World: Power and Strategy in the Interlinked Economy. Fontana, 1990].

Жаңы категорияны аныктоо чындыгында эле оңой иш эмес. Ааламдашуу процессии жалпы мүнөзгө ээ. Анын ар кыл чектери дээрлик бардык коомдук илимий дисциплиналардын изилдөө предметинекирет, алардын ар бири өзүнүн түшүнүктүк тилине, дайыма эле ич ара дал келишип, жарым-жартылай кесилише бербеген категорияларынын топтомуна кирет. Бүгүнкү күнү экономикалык илим, мисалы, өзүнүн көңүл борборун беш багытка бурган, алар: каржылык ааламдашуу, глобалдык МНК калыптануусу, экономиканын регионалдашуусу, дүйнөлүк сооданын интенсификациясы, конвергенцияга болгон тенденция.

Географтар эки феноменди аташат: 1. Трансулутташтыруу процесстеринин локалдашуусу (clok – коңгуроо, коңгуроонун соккулары угулган органикалык мейкиндик туурасында кеп болууда), локалдык экономикалык кызыкчылыктар менен борборлоштурууну айкалыштырууга жөндөмдүү көзөмөл жана башкаруу системасын түзүү катары белгиленет;
2. «экономикалык архипелагдарды», анын ичинде ири шаар-мегаполистердин ассоциацияларын түзүү. Тарыхчылар ааламдашууну капитализмдин көп кылымдык өнүгүүсүнүн көптөгөн этаптарынын бири катары мүнөздөмө берүүнү карманышат.

Технологиялык илимдердин өкүлдөрү техноааламдашууну же кээ бир өлкөлөрдө байкалган жаңы киргизүүлөрдү, технологияларды техникалык билимдердин жеке бир комплексине киргизүүнү, байланыш, транспорт, өндүрүш, телекоммуникациялардын революциясынын кесепеттери, интернетти түзүү жана бардык адамдарды жеке бир «планетардык айылдын» жашоочуларына айландыруу тармактарындагы «технологиялык макросистемалардын» пайда болуусун талкуулашат, термин 1962-жылы канадалык М.Мак-Луан тарабынан сунуш кылынган. Ошентип, философияда ааламдашуунун көрүнүштөрүнө кайдыгер карабастан, адамзат баалуулуктарынын универсалдашуу маселелерин активдүү талкууга алышкан жана Кант түбөлүктүү дүйнө жана жеке дүйнөлүк өкмөттүн түзүлүшү идеясын алып чыккандыгын эскерткен.

Экинчи баптын «**Кыргызстандагы социалдык конфликттердин келип чыгуу себептери**» деген аталыштагы экинчи параграфында айтылгандай, Кыргыз Республикасы өз алдынча азаттыкка чыкканына жыйырма сегиз жылдан ашуун убакыт болду. Ааламдашуу процесси социалдык-экономикалык, саясий кубулуштардын, коомдук институттардын өзгөрүүсүнө чоң таасирин тийгизди. Дүйнөлүк, улуттук жана аймактык деңгээлде коомдук өнүгүү маселелерин иш жүзүнө ашыруу, жашоонун агымына жараша жарандардын талаптарын канааттандыруу процесстери ар тараптан изилденүү актуалдуулугуна ээ болду. Ошондой эле, ааламдашуу шарты жаңы милдеттердин көптүгүн, баш аламандыгын, туруксуздугун, талапка жооп бербегендигин, коомдогу ар кыл социалдык келишпестиктердин трансформацияланышын илимий изилдөөгө алууга мажбурлады.

Ал эми марксизимдин негиздөөчүсү К. Маркс, социалдык трансформация биринчиден, объективдүү экономикалык жана социалдык карама-каршылыктардын негиздери адамдын бышып жетилген эрки жана акылына көз карандысыз форма катарында караган. Экинчиден, алар коомдун жалпы жактарын камтыйт. Үчүнчүдөн, сандан сапаттык секириктик өзгөрүүлөр эсептелет. Ошондуктан реформалардын баардыгын социалдык трансформация дегенге болбойт, алар коомдун объективдүү талаптарына жооп бербей калышы мүмкүн, болгону бир нече катмарын канааттандырса калганы канааттанбай калышы мүмкүн [Маркс К. К критике политической экономии. Предисловие // Сочинения, т. 13.].

Демек, диалектикалык материализмдин көз карашы боюнча коомдогу өзгөрүүлөр сандык жана сапаттык өзгөрүү бирдиктеринин жыйынтыктары, объективдүү жана субъективдүү жактардын талаптарынын катышуусу, жөн гана карама - каршылыктарды чечүү эмес. Мындай аныктамада экономикалык факторлор жана социалдык революция гана эмес, башка күчтөрдүн дагы тийгизген таасири таасирленет: маданий, маалыматтык, технологиялык, экологиялык ж.б.

Жогоруда каралган илимий булактардагы окумуштуулардын ар түрдүү концепцияларындагы талдоо көрсөткөндөй, учурда конфликттердин коомдогу ролу тууралуу кайчы пикирлер үстөмдүк кылгандыктан, конфликттин оң жана терс жактарын ачуу, эң негизгиси «конфликт» түшүнүгүн илимий талдап - таануу ата-мекендик илим изилдөөчүлөрдүн актуалдуу да, өзөктүү да проблемаларынын катарын толуктайт. Конфликт коомго гана тиешелүү социалдык – саясий кубулуш катары каралып, анын коомдун өнүгүү процессинин ички булагы деп таанылат [Белоусова А.С. Социально-политические конфликты в условиях переходного состояния российского общества: автореф. дис. канд. социол. наук. – Волгоград, 1999].

Мындай көз-караштар философия илиминдеги карама-каршылыктардын күрөшү жөнүндөгү түшүнүккө негизделген.

П. Сорокиндин социалдык конфликтер жана революция суроолорунун себептерин чечмелөөдө социалдык чыңалууну адамдардын жана социалдык топтордун негизги талаптарынын канааттангандыгынын деңгээли менен байланыштыргандыгына күбө болобуз.

Кыргызстанга кирип келген жаңы эркин базар экономикасы адамдардын ортосундагы айырмачылыктарда кирешеде, жаш курагы боюнча, диний, саясий көз караштардын, шаар менен айылдардын, аялдар менен эркектердин ж.б. ортосунда күч алды. Теңсиздиктин күч алышы коомдун туруктуулугуна коркунучтарды жана социалдык чыр-чатактардын пайда болушун алып келери шексиз.

Себеби, биздин пикирибиз боюнча, коом – бул ар-кандай социалдык топтордон, жамааттардан, бирикмелерден турган жандуу организм. Албетте коомдо кандайдыр бир деңгээлде калыптанган кызыкчылыктары бар, өз максаттарын көздөгөн социалдык жана саясий топтордун жана күчтөрдүн пайда болушу кезегинде конфликттердин чыгуусуна өбөлгө түзөт.

Башкача айтканда, демократиялык саясий системага өтүү шартында конфликттерден арылуу мүмкүн эмес. Буга аракет кылуунун кажети да жок. Себеби конфликттердин өзү аларга катышкан субъекттердин позицияларын аныктап-тактап, өз ара макулдашылган чечимдерди иштеп чыгууга көмөк көрсөтүшөт.

Ааламдашуунун негизги шарты мамлекеттердин, улуттардын, элдердин ортосундагы кадам таштоосу, өз ара мамиле куруусу ар кандай өзгөрүүлөргө, максаттуу түрдө социалдык трансформацияга алып келет деген көз караштар жалпыбызга маалым. Анткени социалдык трансформация саясий жана мамлекеттик өзгөрүүлөргө үмүт кылса, аны менен бирге экономикалык негиздерди жаңылоо болуп саналат.

Экономикалык мамилелердин негизи табыйгый ресурстарга ээлик кылуу жана үстөмдүк кылуу, ошондой эле бул негиз конфликттин социалдык-экономикалык себептери боло алат, буга өлкөдөгү өкүм сүргөн: - жакырчылыкты, жумушсуздукту, социалдык теңсиздикти, турмуш – шарттын оордугун мисал катары айтсак болот. Элдин социалдык – экономикалык абалы оорлоп, 2008, 2009, 2010-жылдары кыш мезгилинде электроэнергиясын үнөмдөө шылтоосу менен түнкүсүн электр жарыгынын өчүрүлүп туруусу элдер үчүн чоң ыңгайсыздыктарды жараткан.

Компромисстик конфликттер конфликттин катышуучуларынын максаттарын, мөөнөттөрүн, бирдиктүү иш-аракеттеринин шарттарын эки жактуу өзгөртүүсүнүн эсебинен чечүүсүнүн бир канча варианттарына жол берет. Мисалы, жеткирип берүүчү өндүрүүчүгө буюртма чийки затты көрсөтүлгөн мөөнөтүндө жеткирип бербейт. Өндүрүүчү жеткирүүнүн графигин аткарууну талап кылууга укугу бар, бирок жүктү жеткирүүнүн мөөнөтү транспортировкалоо үчүн төлөмдөрдүн жоктугуна байланыштуу өзгөрөт. Эки жактуу кызыкдарлык менен компромисске сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, жеткирүүнүн графигин өзгөртүү жолу менен жетүүгө болот. Конфликттердин көрүнүү чөйрөлөрү кыйла көп түрдүү: саясат, экономика, социалдык карым-катнаштар, адамдардын көз караштары менен ынанымдары. Саясий, социалдык, экономикалык, уюштуруучулук конфликттерди да бөлүп көрсөтүүгө болот.

Саясий конфликттер – бийликтик ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, бийлик үчүн болгон күрөштүн формалары боюнча кагылышуусу.

Социалдык конфликт өзүнө карама-каршы кызыкчылыктардын күчөшү, социалдык коомчулуктар менен индивиддердин тенденциялары менен мүнөздөлүүчү адамдардын (топтордун) карым-катнаштар системасындагы карама-каршылыктарды камтып турат. Социалдык конфликттердин көп түрдүүлүгү болуп эмгектик жана социалдык-эмгектик конфликттер эсептелет, б.а. эмгектик ишмердүүлүк чөйрөсүндө болот. Бул көпчүлүк учурларда пикеттер, көтөрүлүштөр, кызматкерлердин чоң тобунун ачык чыгуулары түрүндө пайда болгон конфликттердин чоң тобу.

Экономикалык конфликттер өзүнө конфликттердин кеңири спектрин камтып турат, анын негизинде жеке инсандардын, топтордун экономикалык кызыкчылыктарынын ортосундагы карама-каршылыктар жатат. Бул белгилүү

бир ресурстарга, жеңилдетүүлөргө, экономикалык таасирдин чөйрөлөрүнө, жеке менчикти бөлүштүрүү ж.б.у.с. болгон күрөш. Конфликттердин көрсөтүлгөн түрлөрү башкаруунун ар кыл деңгээлдерине тараган.

Уюштуруучулук конфликттер иеархиялык карым-катнаштардын, адам ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун, уюштуруудагы бөлүштүрүүчүлүк карым-катнаштарды пайдалануунун: кызматтык көрсөтмөлөрдү колдонуунун, кызматкердин укуктары менен милдеттеринин функционалдык бекилүүсүнүн, айлык акы жана эмгектик баа берүү жоболорунун болуусунун, кызматкерлерди сыйлоонун натыйжасы болуп эсептелет.

Экинчи баптын **“Азыркы учурдагы Кыргызстан коомчулугундагы социалдык конфликттерди чечүүнүн жана жөнгө салуунун жолдору”** деген аталыштагы үчүнчү параграфында социалдык конфликттерди чечүүнүн жана жөнгө салуунун жолдору каралат.

Маалым болгондой, дээрлик бардык конфликттерди алдын алууга болбойт, андыктан кризистик менджменттеги жана башкаруучулук ыкмалардагы олуттуу роль жалпы жонунан, конфликтти башкаруунун ыкмаларына берилет.

Жөнгө салуу – бул конфликттерди чечүүнүн өзгөчө конфигурациясы, анда өнөктөштөр ортосундагы наразычылыкты оолактатууда үчүнчү тарап катыша алат. Үчүнчү тарапты тартуу ал тургай конфликттин макулдугусуз эле болот. Конфликтти жөнгө салуу деп өзүнүн алдына күрөш процессинин өзүн алсыздандыруу же өз ара карым-катнаштардын актуалдуулугун башка айдыңга же бөлөк деңгээлге которуу максатын койгон актыларды атоого болот. Конфликтти жөнгө салуу маселеси – бул анын социалдык өз ара карым-катнаштарга болгон терс таасирин чектөө жана аны өнүгүүнүн социалдык ыктымалуу формаларына жүктөө маселеси.

Жөнгө салуу маселеси өзүнө бир катар баскычтарды камтый алат:

-актылардын негизи – бул конфликтти катышуучулар эле эмес, аны курчап тургандар же коомчулук үчүн да реалдуулук катары ачып берүү. Көпчүлүк учурларда муну жасоо кыйла кыйынчылык жаратат. Эки тарап тең жашыруу ниетинде болоорун эске алуу керек;

-конфликттин объективдүү аналитикасы;

-конфликттин институционалдашуусу, анда агылуусунун эрежелери менен нормаларынын тактоосу болуп, социум үчүн таандык болгон конфликтти формалар менен чараларга киргизүүгө, андан тышкары конфликт процессинин агылуусун караштыруу ыктымалдуулугун түзүүгө шарт түзөт;

-конфликттин объективдүү аналитикасы;

-конфликттин институционалдашуусу, анда анын пайда болуусунун эрежелери менен нормалары такталып, конфликттин социум үчүн таандык болгон формалары менен нормаларына кирүүсүнө, андан тышкары конфликт процессинин кирүүсүн алдын алуу ыктымалдуулугун түзүүгө шарт түзөт;

-конфликтти мыйзамдаштыруу тигил же бул социалдык нормаларды таанууга бел байлайт;

Конфликттерди жөнгө салуунун көп сандаган ыкмаларынын ичинен акырындык менен болуу критерийлерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Аны карым-

катнаштардын башка тармагына которуу методу менен алсыздандыруу. Кеңири практикага конфликтти каршылашып жаткан тараптарды тышкы коркунучка кайра багыттоодон улам алсыздандыруу ыкмасы ээ болгон. Мындай коркунучтан болуп кокусунан пайда болгон пайда болгон маселе эсептелет. Конфликтти жөнгө салуу процесси башкаруу процесси катары өзүнүн этаптарына ээ эмес. Конфликтти жөнгө салуу боюнча баштапкы иш-аракет, албетте, аны реалдуулук катары ачыкка чыгаруу. Конфликтти чыныгы факты катары белгилөө – кыйла татаал маселе. Каршылашып жаткан тараптардын бирөөсү өз иш-аракетин катууга, кандайдыр-бир конфликттик кырдаалдын болуусун четке кагууга аракет кылган учурлар да көп кездешет.

Конфликттин реалдуулугун моюнга алуу – демек аны объективдүү түшүндүрүүгө болгон жолго кадам таштоо. Баса белгиленгендей, мындай түшүндүрүүсүз конфликттик процессти башкаруу мүмкүн эмес. Бардык конфликтти жөнгө салуу милдетин чечүүдөгү алгачкы кыйынчылыктар аны түшүндүрүүдөн башталат. Албетте, теоретикалык этап практикалык иш-аракет үчүн маанилүү болсо да – жөн гана өбөлгө. Мындай иш-аракеттин алгачкы этабы болуп, конфликтти институционалдаштыруу эсептелет, ал анын функциялануусун, өнүгүүсүнүн эрежелери менен нормаларын аныктоону түшүндүрөт. Мисалы, мамлекеттик бийлик менен саясий партиялардын ортосундагы конфликттик карым-катнаштардын институционалдашуусу деп мамлекеттик уюмдар менен болгон ишмердүүлүгүн, карым-катнаштарын жөнгө салуучу партиялар тууpасындагы мыйзамды кабыл алуусун түшүнүүгө болот. Конфликтти институционалдаштыруунун өзү анын аталган коомдук система үчүн ылайыктуу болгон формалар менен алкактардагы функциялануусу жана өнүгүүсүн камсыз кылып, конфликттик процесстин алдын алуусуна кепилдик берет. Институционалдашпаган конфликт минимум, башкаруучу система менен алдын алынбайт жана көзөмөлдөнбөйт.

80-жылдардын экинчи жарымында пайда болгон көп сандаган формалдуу эмес коомдук-саясий бирикмелер менен кыймылдар саясий системаны кыйратуучу кубаттуу, кыйратуучу күч болгон. Советтик мамлекеттин жана башаруучу партиянын аталган бирикмелердин конфликттик ишмердүүлүгүн көзөмөлдөй албаган жөндөмдүүлүгү өлкөлөрдөгү терең саясий кризистин болуусунан кабар берет. Ал конфликттешүүчү субъекттердин орнотулган конфликттик жүрүм-турумдардын нормалары менен эрежелерин таанууну жана аларды сактоону билдирет. Бул коом аталган конфликтти коомдук тартипке карата болгон бейтааныш эмес, тең укуктуу катары каралышын түшүндүрөт. Конфликтти мыйзамдаштыруу саясий-укуктук система же жарандык коом тууpасында кеп болуусуна карабастан коомдук тартиптин таанылган системасына болгон интеграциялануусу.

Өнүккөн чет өлкөлөрдө мындай мекемелер эбак эле пайда болуп, ийгиликтү иш алып барышууда. Конфликттерди институционалдаштыруунун мындай ыкмасы аларды рационалдашууга, б.а. стихиялуу процессти уюшулган процесске которууга шарт түзөт. Конфликтти институционалдаштыруу жана рационалдаштыруу тараптарды алар үчүн пайдасыз болгон, бирок күрөштөгү

агрессивдүүлүктү жана анын кыйратуучулук кесепеттерин алдын алууга алып келүүчү сунуштарды да кабыл алып, түрткү берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

А.Чумиковдун пикиринде [Чумиков А.Н. Связи с общественностью: Учебное пособие. – М.: Дело, 2000. 272-б.]конфликтти башкаруунун, аны жөнгө салуунун маанилүү баскычы болуп конфликттешүүчү топторду структуралаштыруу боюнча иш-аракет эсептелет. Топту структуралаштыруу анын түзүүчү ар кыл элементтеринин "күчтүк дараметин" ченөөгө жана коомдук карым-катнаштардын структурасындагы иеархияны аныктоого шарт түзөт. Андан тышкары, конфликтке катышуучу социалдык топторду структуралаштыруу жолу менен кызыкчылыктардын реалдуу абалы менен өз ара карым-катнаштары ачылып берилет, ошондой эле алардын ичинен приоритеттүүлүгүн же жалпысын аныктоонун негизинде ынтымак менен кызматташыкка жетүүгө болот [Чумиков А.Н. Связи с общественностью: Учебное пособие. – М.: Дело, 2000. 272-б.].

Чындыгында кандай гана конфликт болбосун, анын кандайдыр бир жаңы нерсени жаратуучу жана бар нерсени бүлүндүрүүчү күч-дарамети болот. Маалым болгондой конфликтсиз өнүгүү болбойт. Өз убагында аныкталган пикир келишпестиктер жана көйгөйлөр коомго тезирээк алдыга илгерилөөгө жардам берет. Ал эми пикир-келишпестиктерге көңүл бурулбай, алар чечилбей жатса, анда конфликт жаратуучу фазадан бүлүндүрүүчү фазага өтүп кетиши мүмкүн. Мисалы, Фергана өрөөнүндөгү коомчулуктардын деңгээлиндеги конфликттердин көпчүлүгү эскилиги жеткен сугат тутумунан, суунун туура эмес пайдаланышынан, суу жана жер ресурстарынын жетишсиздигинен улам келип чыккан.

Ошону менен конфликттер коомдун көңүлүн учурдагы пикир келишпестиктерге буруп, аны биринчи орунга "алып чыгышат". Бирок өз маалында тийиштүү чаралар көрүлбөсө, конфликт тараптардын агрессиясын күчөтүп, түздөн-түз зордук-зомбулук иш-аракеттерин жаратышы мүмкүн. Ушул нерсе менен конфликттин кыйла орчундуу белгилеринин бири байланышкан – конфликттин бүлүндүрүүчү күчүнө жол бербөө үчүн, аны алдын-ала божомолдоого жана аны башкарууга болот. Учурдагы коомдо конфликттердин саны күндөн-күнгө көбөйүп жаткандыктан, алардын табиятын, кандайча келип чыга тургандыгын жана кандай ыкмалар менен натыйжалуу чечүүгө боло тургандыгын түшүнүү үчүн көптөгөн аракеттер көрүлүүдө.

Өлкөдөгү конфликттерди алдын алуу боюнча төмөндөгүдөй чараларды көрүүгө багыт алуу туура деп эсептейбиз:

-мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлде конфликттердин алдын алуунун натыйжалуу механизмин түзүү, б.а. институтташтыруу, дегинкиси ушул уюштурулган коомдук институттардын жергиликтүү бийлик, жарандык коом тарабынан мамлекетибиздин келечегине оң максатта колдонуу, мыйзам ченемдүү иш алып баруусу менен коомубузга туруктуулукту камсыздоо - бул ар бир Кыргызстандык жарандын милдети болуусу зарыл

-билим берүүнүн бардык баскычтарында конфликтологиялык билим берүү системасын өнүктүрүү, калктын жалпы массасына массалык маалымат каражаттары жана башка каналдар аркылуу массалык иш-чараларды өткөрүү.

-согуштук жана зордук-зомбулук ыкмаларынан тышкаркы, коомдук конфликттерди чечүү боюнча иштеп жаткан дүйнөлүк тажрыйбаны жалпы пайдалануу (арбитраж, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, коомдук уюмдар, ж.б.),

-нормативдик укуктук базалар Кыргызстандын стратегиялык максатына дал келүүсү жана коомдун консолидациясын чагылдырган концепцияга негизденүүсү зарыл.

- кыргызстандын бардык бийлик бутактары коомубузда болуп өткөн окуяларда, андагы бийлик кетирген каталарды кайталабоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын кайрылууларына өз убагында жооп берүүсү жана маселени тез арада чечүүнү талап кылган маселелерге көңүл буруусу зарыл. Коомдук конфликттерди чечүүдө, жөнгө салууда өкмөттүк эмес уюмдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматташуусунун орду маанилүү.

## КОРУТУНДУЛАРЫ

Корутундусунда диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары берилди.

Коомдук конфликттер көрүнүшү байыркы убактан бери эле изилдөөчүлөрдүн көңүл борборунан орун алып келет, ошондой эле замандаш окумуштуулардын да кызыгуусун арттырган маселелердин бири болуп саналат.

1. Коомдук конфликттердин жаратылышын жана динамикасын изилдөө азыркы ааламдашуу шартында өтө курч турган замамбап социомаданий реалдуулуктардын карама – каршылыктары менен тыгыз байланышкан маселе. Социалдык конфликт өзүнө карама-каршы кызыкчылыктардын күчөшү, социалдык коомчулуктар менен индивиддердин тенденциялары менен мүнөздөлүүчү адамдардын (топтордун) карым-катнаштар системасындагы карама-каршылыктарды камтып турат.

2. Конфликт – бул социалдык бүтүндүктү же анын бөлүктөрүнүн кээ бир түзүүчүлөрүн сактоого кызмат кылган бирден-бир башкы процесстерден. Иш жүзүндө конфликттер жамааттарды уюштурууда жана анын туруктуулугуна карата негизги тоскоол болуп калышы ыктымал, көңүл бурулбаган учурда чыңалуунун эскалациясын жаратышы жана зомбулукка алып келиши мүмкүн. Көптөр «конфликт» кубулушун негативдүү деп эсептешет, бирок аны саясий жана социалдык турмуштун демейдеги аспекти катары кабыл алган жакшы, о.э. конфликттерди интенсивдүүлүктүн же күчтүн ар кыл деңгээлдерин көрсөткөн өзгөрмөлүүлүк катары кабыл алууга болот.

3. Социалдык конфликтин пайда болуу себептерин объективдүү жана субъективдүү деп бөлүп кароо көптөгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгын берет. Объективдүү себептери – бул ар кандай ылдамдыкта, интенсивдүү деңгээлде, багытта социалдык конфликттердин жандануусу. Башкача айтканда, коомдогу жалпы социалдык – экономикалык абалдын төмөндөшү, тез аранын ичинде калктын мүлктүк дифференциация маселесинин курч турушу, коомдук жакырчылыктын өсүшү (жумушсуздук, жакырчылык,

маргиналдуулук, криминализация, коррупция ж.б.) мамлекеттик башкаруу системасынын абалынын төмөндөшү социалдык конфликттердин чыңалуусуна алып келет. Мындай көрүнүш көбүнчө өткөөл мезгилди өзүнүн кучагына алат. Биздин өлкөнүн өткөөл учурга туш болуусуна бир жагынан эгемендүүлүктү алуу, бир жагынан ааламдашуу процессинин кириши өз таасирлерин тийгизди.

4. Ааламдашуу процессинде дүйнө коомчулугу өзгөчө конфликттик кырдаалдарда таасын дифференцияланып, коомчулуктардын дээрлик бардык формаларын интеллектуалдык топтордон этникалык түзүлүштөргө чейин камтып турат. Бул процесстердин, заманбап дүйнөдөгү коомдук өнүгүүнүн ыргактарынын тездөөсү эски карама-каршылыктары курчуп, жаңы көптөгөн конфликттердин түрлөрүн жаратат. Конфликттерди изилдөөнүн бирден-бир маанилүү багыттарынан болуп аларды ааламдашуу процесси менен бир байланышта карoo эсептелет.

Кээ бир авторлордун айтуусу боюнча ааламдашуу маданияттын, улуттук өзгөчөлүктөрдүн гемогенизациясына айландырууда. Бирок глобализация эч кандай дүйнө жүзүн бир калыпка сала албайт деген ойдобуз, себеби, ар бир элдин тарыхый тажрыйбасы, маданий эстеликтери, менталитети, баалуулуктары, ишеними ар башка. Ал эми, так ушундай мүнөздөмөлөр улуттук өзгөчөлүктү белгилеп турат. Ааламдашуу - бул жөн гана жашоонун эволюциясы. Дүйнө жүзүндөгү мамлекеттер бири-бири менен экономикалык, саясий-социалдык, маалыматтык жактан тыгыз байланышта болуп турууга шарт түзүүчү процесс.

5. Белгилеп кетчү жагдай, ар бир эле конфликттин пайда болуу учурун алдын алуу, берилген конфликтке көңүл бурулуп, учурунда чара көрүү конфликттик кырдаалды татаалдандырбай, деңгээлин тереңдетпөөгө алып келет. Конфликтке тез арада кийлигишүү, конфликтин масштабынын жогорулашынын кесепетинен пайда болгон кыйроолорго жана калыбына келтирүүгө болгон чыгымдарды, коопсуздук коркунучун болтурбоого катуу таасирин жогорулатат. Ошондуктан, бүгүнкү күндүн негизги милдети – конфликттик кырдаалдарда башкаруу боюнча натыйжалуу практикалык иштерди түзүү.

6. Учурда коомубузда конфликтердин пайда болушуна, ага көзөмөл жүргүзүүгө жана конфликтерди башкарууну эффективдүү технологияларын иштеп чыгууга ар тараптан башкы көңүл бурулуп келүүдө. 1. Пайда болгон конфликтин күч алышына, анын социалдык баасынын өтө курч фазага жетүүсүнө жол бербөө. 2. Көзөмөлдөөгө мүмкүн болбой турган процесстер жүрүп кетпеси үчүн, бардык көмүскөдөгү, анчалык белгисиз, туюк түрдө өнүгүп жаткан конфликтердин баарын ачыкка чыгаруу менен, күтүүсүз болуучу толкундоолордун, окуялардын алдын алып, ыкчам аракетте өтүү. 3. Жүрүп жаткан саясый конфликтин агымы менен бараткан коомдук турмуштун аралаш тармактарында социалдык саясий дэңгеелин минималдаштыруу. Мындай кадамды өз убагында жасабаса, конфликти жөнгө салуу үчүн аргасыздан кошумча күчтөрдү, ресурстарды, энергияны коротууга туура келет.

7. Кыргызстанда, конфликттен кийинки абал өз нугуна түшкөнү менен, мындай конфликттик абалдар кайталанбайт деп эч ким кепилдик бере албайт. Демек, коомдук конфликттер ар учурда, коомдун бардык чөйрөлөрүндө, замандын өзгөрүүсү менен тыгыз байланышкан процесс. Изилдөө көрсөткөндөй, жарандык коомдун туруктуу калыптанышына, өнүгүүсүнө таасирин тийгизип турган коомдук конфликттерди алдын алууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын жана жалпы эле коомчулуктун кызматташтыгы өтө маанилүү.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү жарык көргөн эмгектерде чагылдырылды:**


1. **Качкынова, А.Т.** Философско-социальная традиция изучения конфликтов [Текст] /А.Т. Качкынова // Вестник ИФиППИ НАН КР. – Бишкек, 2016. -Выпуск 3. - С.70-73.

2. **Качкынова, А.Т**. Классикалык немис философиясындагы конфликт маселеси [Текст] / А.Т. Качкынова //Вестник ИФиППИ НАН КР. – Бишкек, 2017. - Выпуск 1. - С.104-106. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id= 30476377 – Загл.с экрана.

3. **Качкынова, А.Т.** Проблемы регулирования конфликтов в современных условиях [Текст] / А.Т. Качкынова //Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2018. - №2. - С.141-144. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32637656. Загл. С экрана.

4. **Качкынова, А.Т.** Социальные конфликты в современном Кыргызстане [Текст] / А.Т. Качкынова //Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2018. - №2. -С. 145-150.
- Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32637657. Загл.с экрана.

5. **Качкынова, А.Т.** Заманбап тарых философиясындагы социалдык конфликт. [Текст] / А.Т. Качкынова // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2018. - Том 18. - № 5. – С.49-51. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35332842. Загл. с экрана.

6. **Качкынова, А.Т**. Конфликт философиясы же социалдык конфликтин онтологиясы жана коомдогу орду [Текст] / А.Т. Качкынова // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. – Бишкек, 2018. -№3(95). –С.6-9.
- Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=36527076. Загл. с экрана.

7. **Качкынова, А.Т.** Проблема урегулирования конфликтов в условиях социального кризиса. [Текст] / Качкынова А.Т. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал-Архангельск, №2 (68) 2019. С.109-112. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=41226567. Загл. с экрана.

8. **Качкынова, А.Т.** Процесс глобализации и конфликты: взаимосвязь и взаимовлияние. [Текст] / Качкынова А.Т. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал-Архангельск, №2 (68) 2019. С.112-115. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=41226568. Загл.с экрана.

**Качкынова Аида Турдубековнанын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ааламдашуу шартындагы конфликттердин философиясы: социалдык-философиялык анализ” аттуу темада жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр**: ааламдашуу, конфликт, генезис, жашоо, эволюция, медиация, маданият, система.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп ааламдашуу шартындагы конфликттердин философиясын изилдөөнүн методологиялык маселелери эсептелет, ал эми **предмети** катары конфликттерге карата социалдык-философиялык анализ эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** катары ааламдашуу шартындагы конфликтердин философиясын изилдөө эсептелет.

**Изилдөөнүн теоретикалык жана практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси көрүнүктүү окумуштуулардын илимий эмгектеринде изилденген. Диссертациянын натыйжалары Кыргызстандын ЖОЖдорунун студенттери, магистранттары жана аспиранттары үчүн философия боюнча окуу программаларын иштеп чыгууда кызмат кыла алат. Ошондой эле, Кыргызстанда эле эмес, чет мамлекеттердеги да конфликт философиясы боюнча илимий-изилдөөчүлүк иштерде пайдаланылышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары:**

- социалдык конфликттерге тарыхый философиялык талдоо жүргүзүлдү;
- конфликттердин генезиси менен философиялык өзгөчөлүктөрү ачылып берилди;
- ааламдашуу процессинин конфликт кубулушунун коомго тийгизген таасири көрсөтүлдү;
- Кыргызстандагы социалдык конфликттердин келип чыгуу себептери ачыка чыгарылды
- азыркы учурдагы Кыргызстан коомчулугундагы социалдык конфликттерди чечүүнүн жана жөнгө салуунун жолдору аныкталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Автордун жоболору менен корутундулары жана изилдөөнүн материалдары социалдык философия, саясат таануу, социология курстары боюнча окуу процессинде жана гуманитардык факультеттерде лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Пайдалануу чөйрөсү**. Диссертациянын натыйжалары мамлекет ичиндеги ааламдашуу шартында кездешип жаткан конфликттик процесстерди анализдөөдө жана диагностикалоодо изилдөөнүн жоболору жана жыйынтыктары мамлекеттик органдар, коомдук өкмөттүк эмес мекемелер, эксперттер тарабынан практикада колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Качкыновой Аиды Турдубековны на тему: «Философия конфликтов в условиях глобализации: социально-философский анализ», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 - социальная философии.**

**Ключевые слова:** глобализация, конфликт, генезис, жизнь, эволюция, медиация, культура, система.

**Объектом исследования** является методологические проблемы изучения философии конфликтов в условиях глобализации, а **предметом же исследования** выступают социально-философский анализ в отношении конфликтов.

**Целью диссертационной работы** является изучение философии конфликтов в условиях глобализации.

**Теоретическое и практическое значение исследования.**

Теоретическая и практическая значимость исследования изучается в научных трудах выдающихся ученых. Результаты диссертации могут быть использованы при разработке учебных программ по философии для студентов, магистрантов и аспирантов вузов Кыргызстана. Также можно использовать в исследовательской работе по философии конфликта не только в Кыргызстане, но и за рубежом.

**К научной новизне** исследования можно отнести также следующие моменты:

- сделан историко-философский анализ к социальным конфликтам
- выявлены генезис и философские особенности конфликтов;
- показано влияние процесса глобализации на явление конфликтов;
- раскрыты причины возникновения социальных конфликтов в Кыргызстане;
- определены пути решения и регулирования социальных конфликтов в современном кыргызстанском обществе.

**Рекомендации по использованию.** Положения и выводы автора и сам материал исследования могут быть использованы в учебном процессе при преподавании курсов по социальной философии, политологии, социологии и при чтении лекций на гуманитарных факультетах.

**Область применения.** Результаты диссертации могут быть использованы на практике государственными органами, общественными и негосударственными организациями, специалистами по анализу и диагностике конфликтных процессов в условиях глобализации.

## RESUME

**dissertations of Kachkynova Aida Turdubekovna on a theme: "The philosophy of conflict in the context of globalization: a socio-philosophical analysis" presented on the competition of graduate degree of candidate of philosophical sciences on speciality 09.00.11 social of philosophy.**

**Keywords:** globalization, conflict, genesis, life, evolution, mediation, culture, system.

**The object** of the research is the methodological problems of studying the philosophy of conflicts in the context of globalization, while **the subject** of the research is the socio-philosophical analysis of conflicts.

**The aim of the thesis** is to study the philosophy of conflict in the context of globalization.

**The theoretical and practical significance of the study**.

The theoretical and practical significance of the research is studied in the scientific works of outstanding scientists. The results of the dissertation can be used in the development of educational programs in philosophy for students, undergraduates and graduate students of universities in Kyrgyzstan. It can also be used in research work on the philosophy of conflict not only in Kyrgyzstan, but also abroad.

**The following points** can also be attributed to the scientific novelty of the research:

- made historical and philosophical analysis of conflicts;
- the genesis and philosophical features of conflicts are revealed;
- The influence of the globalization process on the phenomenon of conflict is shown;
- revealed the causes of social conflicts in Kyrgyzstan
- the ways of solving and regulating social conflicts in modern Kyrgyz society are defined.

**Recommendations for use.** The positions and conclusions of the author and the research material itself can be used in the educational process when teaching courses in social philosophy, political science, sociology, and in lecturing at humanitarian faculties.

**Application area**. The results of the dissertation can be used in practice by state bodies, public and non-governmental organizations, specialists in the analysis and diagnosis of conflict processes in the context of globalization.

Форматы: 60х84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75  б.т.           Нускасы: 50

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru